**УДК:009:378.2(575.2)(04)**

# ТЕХНИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАРДА АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДОГУ ГУМАНИТАРДЫК САБАКТАРДЫН РОЛУ

***Токпаева Зарылбүбү Турпандыковна,*** *КГТУнун доценит, академик У.Асаналиев атындагы ТКИжанаТКТинституту, Кыргызстан, 720044,Бишкек ш, Чүй пр.215. Тел.: 0312612313, e-mail: Zaril@mail.ru ORCID ID 0000-0003-3228-5023*

***Халмуратова Насибахан Саиповна*** *академик У.Асаналиев атындагы ТКИжанаТКТинститутунун ага окутуучусу, Кыргызстан, 720044,Бишкек ш, Чүй пр.215 тел.0312612313*
***Курманбаева Гулнара Абдылдаевна*** *академик У.Асаналиев атындагы ТКИжанаТКТинститутунун ага окутуучусу, Кыргызстан, 720044,Бишкек ш, Чүй пр.215 тел.0312612313*
***Казакова Эльнура Кычановна*** *академик У.Асаналиев атындагы ТКИжанаТКТинститутунун окутуучусу, Кыргызстан, 720044,Бишкек ш, Чүй пр.215 тел.0312612313*

**Аннотация.** Макалада техникалык жогорку окуу жайларда кадрларды даярдоодогу гуманитардык илимдердин орду,техникалык багыттагы сабактар негизги орунда болуп, гуманитардык билим алуу зор мааниге ээ болгондугу айтылууда. Макалада техникалык жабдыктар,илимий методикалар технологиялар сыяктуу тез эле эскирет, бирок руханий маданият, руханий байлык эч убакта эскирбей актуалдуу бойдон калары айтылды.

Инсанды адептүүлүккө, жоопкеричиликке, ыйманга, толеранттуулукка үйрөтүү коомдук илимдерден башталат. Кандай гана кесип, адистик болбосун биринчи кезекте коом, коомдогу адамдардын бири-бирине мамилеси, баарлашуусу менен байланыштуу. Макалада гумнитардык илимдердин орду жана ал илимдерди жеткиликтүү түрдө окутуу жөнүндө кеп козголууда. Макаланын башкы максаты болуп коомдо татыктуу инсанды даярдоодо бул багыттагы илимдер чоң таасир берери белгиленди.

**Негизги сөздөр:** гуманитардык илимдер, техникалык жогорку окуу жайлар, кадр, билим, окуу процесс, адистер, коом, аң-сезим, маданият, адеп, мекенчилдик, педагогика, саясат, экономика.

## О РОЛИ ГУМАНИТАРНЫХ НАУК В ПОДГОТОВКЕ КАДРОВ В ТЕХНИЧЕСКИХ ВУЗАХ

***Токпаева Зарылбүбү Турпандыковна,*** *доцент КГТУ, ИГД и ГТ им.У.А.Асаналиева при КГТУ им.И.Раззакова, Кыргызстан, 720044, г.Бишкек, пр.Чуй 215. Тел.: 0312612313, e-mail: Zaril@mail.ru ORCID ID 0000-0003-3228-5023*
***Халмуратова Насибахан Саиповна,*** *ст. преп. ИГД и ГТ им. У.Асаналиева при КГТУ им.И. Раззакова, Кыргызская Республика 720044,г.Бишкек пр.Чүй 215 тел.0312612313*
***Курманбаева Гулнара Абдылдаевна,*** *старший преподаватель, Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова, Институт горного дела и горных технологий им. академика У.Асаналиева, 720001, Кыргызская Республика, г. Бишкек, Чуй 215*
***Казакова Эльнура Кычановна,*** *преподаватель, Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова, Институт горного дела и горных технологий им. академика У.Асаналиева,720001, Кыргызская Республика, г. Бишкек, Чуй 215*

**Аннотация.** В статье говорится о роли и месте гуманитарных дисциплин в техничеких вузах. В вузах данного направления дисциплины гуманитарного блока являются второстпенной, основное внимание всегда уделяется техническим дисциплинам. Ведь технические оборудования, научные методики устаревают как и технологии, но духовное богатство и духовная культура всегда остаются актуальными. Воспитание в личности нравственности, ответственности, толерантности всегда начинается с общественных наук. Какой бы специальности не был человек, в первую очередь он взаимосвязи с обществом, отношениями в обществе. Помимо места и роли гуманитарных наук в статье достаточное внимание уделяется и методикам преподавания этих дисциплин. Раскрывается зависимость дисциплин данного направления от качественного преподавания и использования

современных методик работы со студентами. Целью статьи стало определение важности в подготовке достойной личности в обществе отмечается влияние наук данного направления. Специалист должен обладать богатым духовным пространтсвом, что немаловажно в условиях современных высоких технологий, жизненного темпа, ритма.

**Ключевые слова:** гуманитарные науки, техническое высшее учебное заведение, кадры, знание, учебный процесс, специалист, общество, сознание, культура, нравственность, патриотизм, педогогика, экономика, политика.

## ON THE ROLE OF HUMANITARIAN SCIENCES IN THE TRAINING OF PERSONNEL IN TECHNICAL HIGHER EDUCATION

***Tokpaeva Zaril Turpandikovna,*** *Ph.D., IGDiGT named after U.A.Asanaliev at KSTU named after I.Razzakov, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Chui av. 215. Phone: 0312612313, e-mail:Zaril @mail .ru ORCID ID 0000-0003-3228-5023*
***Halmuratova Nasibahan Saipovna,*** *Senior Lecturer, Kyrgyz Technical University named after I.Razzakov, Institute of Mining and Mining Technologies named after U.Asanaliev, Chui 215., Bishkek, 720001,Kyrgyz Republic*
***Kurmanbaeva Gulnara A.,*** *Senior Lecturer, Kyrgyz Technical University named after I.Razzakov, Institute of Mining and Mining Technologies named after U.Asanaliev, Chui 215., Bishkek, 720001,Kyrgyz Republic*
***Kazakova Elnura K.,*** *Lecturer, Kyrgyz Technical University named after I.Razzakov, Institute of Mining and Mining Technologies named after U.Asanaliev,Chui 215.,Bishkek,720001,Kyrgyz Republic*

**Annotation.** Abstract The article deals with the role and place of humanitarian disciplines in technical colleges. In the universities of this area, the disciplines of the humanitarian block are second-rate, the main attention is always paid to technical disciplines. After all, technical equipment, scientific methods become obsolete as technology, but spiritual wealth and spiritual culture always remain relevant. The need to increase the rating, the nature of the disciplines of the humanitarian direction is noted. Education in the personality of morality, responsibility, tolerance always begins with the social sciences. Whichever specialty the person was, first of all it is the relationship with society, relations in society. In addition to the place and role of the humanities in the article, sufficient attention is also paid to the teaching methods of these disciplines. The dependence of the disciplines of this direction on qualitative teaching and the use of modern methods of working with students is revealed. It is highlighted in several directions that specialization includes not only professional skills but professional socialization. One of the important aspects of the place of humanitarian disciplines in training staff of technical universities is the stimulus in the development of the personality of its cultural growth of creative abilities. The purpose of the article was to determine the importance in the preparation of a worthy personality in society, the influence of the sciences of this direction is noted. A specialist must possess a rich spiritual space, which is important in the conditions of modern high technologies, life tempo, rhythm.

**Key words:** humanities, technical higher education institution, cadres, knowledge, educational process, specialist, society, consciousness, culture, morality.

Азыркы коомдо билим берүү адамдын ишмердүүлүгүнүн кеңири тараган чөйрөсү болуп, билим берүүнүн социалдык ролунун белгилүү деңгелде жогоурулашы байкалат. Адамзаттын келечекте өнүгүшү билим берүүнүн багытына жана эффективдүүлүгүнө көз каранды болот. Азыркы жылдары коомчулуктун билим берүүнүн баардык түрүнө мамилеси өзгөрдү. Билим берүү айрыкча жогорку билим берүү социалдык жана экономикалык жогорку

жетишкендиктердин негизги жетектөөчү фактору катары каралып жатат. Адамзаттын келечектеги өнүгүшүн таза экономикалык жана техникалык күчтөрдү өнүктүрүү менен кароо бул чектелгендик ошондой эле коркунуч туудуручу көрүнүш. Келечектеги баардык өнүгүү маданияттын деңгелине жана адамзаттын акулдулуугу менен аныкталат.

Кыргыз элинин мамлекеттик өз алдынчалыкка жетиши менен бирге бир катар орчундуу көйгөлөр жаралды ,анын ичинде ар тараптуу жогорку билимдүү адистерди тарбиялап ,даярдоо негизи орунду ээлейт. Албетте, азыркы шартта, биздин коом бирдиктүү улуттук иделогияны издөөдө жолунда билим системасынын алдында өтө курч маселер турат. Бул жерде албетте, ар бир элдин этнопедогогикалык каада салттарына ошондой эле коомдук,саясий экономикалык түзүлүшүнө байланыштуу болот.

Азыркы мезгилде элге билим берүүнүн идеологиялык функциясы өсүүдө ,ошону менен бирге жогорку окуу жайларда билим берүүнүн ошону менен жогорку окуу жайларда билим брүүнүн теориялык ,практикалык жактан кайрадан карап чыгып ,педагогикалык процесстик жаңы структурасын негиздөө милдети турат.Бул милдеттер бир катар бири-бирине тыгыз байланыштуу илимдер философия ,тарых ,психология ,педагогика, укук тануу,манас тануу саясат тануу кыргыз тили, орус тили, англис тили жана башка коомдук ,гуманитардык илимдер аркылуу иш жүзүно ашырса болот. Ошондуктан, келечектеги инженердик адисттиктерди даярдоо процессинде социалдык жана гуманитардык илимдердин ролу маанилүү деңгээлде өзгөрүүдө.Дүйнөлүк билим берүү көрсөтүп тургандай ,инсандын жеке сапаттарынын өнүгүшүнө социлдык гуманитардык илимдер шарт түзөт. [1}

Азыркы убакта Кыргызстандын өнүгүшү биринчи кезекте сапаттуу билим берүүдө, жаштарды тарбиялоону талап кылып жатат. Өлкөбүз саясий, экономикалык жана коомду кайра түзүүлөр алдыга жылган сайын, бул тармактарда билимдүү, адептүү, негизинен калктын маданий деңгээлинен өсүшүнө көз каранды экендигин ачык эле көрсөтүп турат.

Жогорку окуу жайынын педогогикасынын негизги максаты келечектеги адистердин педогогикалык мыйзам ченемдүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу. Бул мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачып берүү менен жогорку окуу жайлардын педагогикасы коомдук жана гуманитардык илимдерге таянат. [2]

Тилекке каршы, техникалык окуу жайлардагы адистерди даярдоодо гуманитардык илимдерге көп көңүл бурулбай, тескерисинче кыскарып, техникалык, табигый илимдерге басым жасалат. Кандай гана кесип болбосун жоопкеричиликтүүлүктү, толеранттуулукту, адептүүлүктү талап кылат. Макаланын актуалдуулугу жогоруда айтылган сапаттарга ээ болуу гуманитардык илимдерди окуп үйрөнүүдөн көз карандылыгын белгилөөдө.

Жогорку окуу жайларда билим берүүнүн стратегиялык маселелеринин бири болуп билимдүү,чыгармачыл инсандын калыптануусуна, анын жөндөмдүүлүгүнүн, мүмкүнчүлүктөрүнүн билим берүү процессинде ишке ашыруусуна шарттарды түзүү болуп саналат. Жогорку техникалык окуу жайларда адистерди кесиптик даярдоо азыркы психолого-педагогикалык илимдин актуалдуу маселелери болуп келет.

Узак убакыттар бою техникалык окуу жайларда негизги көңүл буруу техникалык сабактарда болуп, коомдук жана гуманитардык окуу сабактары экинчи орунда калып келет. Жогорку окуу жайлардын студенттери – бул келечектеги өндүрүштүн жетекчилери. Алардын жолундагы эң негизги көйгөйлөр жеке эле техникалык чечимдерди кабыл алуу болбостон, адамдар менен иштешүү.

Техникалык прогресстин руханийликке дал келбестик көйгөйү бар десек болот. Жогорку адистештирилген жабдыктар, илимий методикалар, технологиялар сыяктуу тез эле эскирет. Биздин оюбузча, жетекчинин жетишкендиктеринин аз гана пайызы инженердик-техникалык окууга байланыштуу, калган көпчүлүк пайызы адамдар менен баарлашуудан, анын жеке сапаттарынан жана адамдарды башкаруу жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды.

Гуманитардык предметтердин рейтингин көтөрүү, гуманитардык билимдин табияттулугун көрсөтүү зарыл деп эсептейбиз. Факт жүзүндө билим берүүдө бир гана

гуманитардык предметтер бүгүн адамдагы адамгерчиликтин башаты болгон: адептүүлүк, жоопкерчилик, ыйман, толеранттуулук касиеттеринин өнүгүүсүнө көмөкчү боло алат.
Бул процесс биринчи кезекте гуманитардык сабактарды окутуунун сапатынан көз каранды. Ошол себептен гуманитардык сабактардын ар бир окутуучусу заманбап сабак өтүү методикаларын эффективдүү билүүсү жана колдонуусу зарыл. Ар дайым окутуу процессин башкарууну анын негизги функциялары (мотивация, стимулдоо, уюштуруу -текшерүү) аркылуу өздөштүрүү бул бүгүнкү окутуучунун максаттарынын бири десек болот. Болочок адистерди даярдоодо бир гана профессионалдык аң-сезимдин калыптануусунун маселелерин чечмелеп, аны өзүнүн “мен” дегендигине көңүл бурулбай келет. Бул адистерди гуманитардык даярдоонун маанилүү концепциясынын иштелип чыгуусуна шарт түзүп жана студенттин профессионалдык аң-сезимин, акыл-эсин өнүктүрүп ошондой эле болочок инженерлердин гуманитардык даярдыктарын башкаруунун эффективдүү системасын түзөт.

Жогорку адисттик билим берүү- коомдун соцалдык ,экономикалык ,илимий , информациялык, техникалык бардык өзгөрүүлөрүн чагылдырган түгөнгүз процесс , илимий ,информациялык, техникалык бардык өзгөрүүлөрүн чагылдырган [3]

Бүгүнкү күндө биздин кичинекей көз карандысыз мамлекетибиз жалпы элдин патриотуулугуна муктаж. Көп экономикалык өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик бекем идеологиянын негизинде максаттуу түрдө жаштарды мекенчилдикке тарбиялайт. Ошондуктан мекенчилдикке тарбиялоо иделогиянын негизин түзөт. Руханий жарандык ,мекенчилдик ,адеп аклактуулук азыркы социалдык ,экономикалык шартта , жашап,иштеп жаткан ар кандай мамлекеттин мобилдүү тотенциялык бекемделишинин гаранты болуп эсептелет. [4]

Демек, гуманитардык билимге даярдоону болочок адистердин кесиптик классификациясы менен айкалыштыруу – техникалык багыттагы жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат.

Бул макаланын максаты болуп гуманитардык сабактардын маанилүүлүгүн болочок адистерди даярдоо рамкасында чагылдыруу. Бул жогорку техникалык билим берүүнүн гуманитардык жана фундаменталдык негизи катары байланышын күчөтүп, болочок адистеги инсанды өнүктүрүүгө анын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүнүн маданий өсүшүнүн стимулу болот деп эсептейбиз. Кесиптик классификация өзүнө бир гана профессионалдык чеберчиликти эмес кесиптик социалдаштырууну да камтыйт. Ушул суроону чечмелөө техникалык окуу жайдан окуунун эки багытын аныктайт. Биринчиден, бул студенттин өзүнүн инсандык калыптануу, экинчиден – анын келечекте каражат жана адистик ишмердүүлүгүнүн мазмуну боло турган кесип боюнча конкреттүү технологиялык билимди өздөштүрүүсү десек болот.

Гуманитардык билим берүүнүн негизги түзүлүш элементтери болуп: манас таануу, философия, саясат таануу, тарых, маданият таануу, филология, этика, эстетика, экономикалык, укуктук педагогикалык даярдоо. Гуманитардык сабактардын окутулушуна ой жүгүртүү, адегенде студенттердин маданий жана адептик өсүүсүнө, чыгармачыл потенциалына бул сабактар канчалык маанилүү салым кошту деген ой туулат.

Демек, инсанды маданиятка, адептүүлүккө тарбиялоо гуманитардык илимдерди окуп үйрөнүү процесси менен гана мүмкүн. Ошол себептен бул багыттагы сабактарга көбүрөөк көңүл бурулуп, окутуунун жакшыртууга шарттарды түзүү керек.

### Адабияттар:

1.Таштобаева Б.Э. “Роль гуманитарных наук в процессе подготовки будущих инженеров”. Жусуп Баласагын атындагы КУУ жарчысы 2014-ж. 2-чыгарылышы 428 б. Бишкек- 2014-ж.

2. Педагогика высщей школы. Курс лекций Бишкек 2009 б.20

3. Ошол эле жерде б.25

4.Жунушова С.О. “Патриотизм и нравственность в системе ценностей современной студенческой молодежи Кыргызсстана Жусуп Баласагын атындагы КУУ Бишкек 2009-ж.